**21-тиркеме**

**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
Кесиптик бирликтин төрайымы
__________С.Тиленбаева
06-  09  2019-жыл

**БЕКИТЕМ**
Мектеп директору
__________А.Асаналиева
__________2019-жыл

**Жети-Өгүз районунун К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин кызматкерлеринин жана окуучуларынын жетишкендиктерин, ийгиликтерин баалоо максатында энчилүү жана башка формадагы стипендия, сыйлык берүү жөнүндө**

## ЖОБО

### 1. Жалпы жоболор

1. Бул Жобо К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде 2019-жылдын 17-сентябрындагы педагогикалык кенештин чечиминин негизинде кабыл алынып, бекитилген.

2. К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде окуучуларга билим берүүдө салым кошкон мугалимдердин эмгегин баалоонун, таануунун, дем берүүнүн формасы болуп саналат.

3. К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде окууда, мектеп турмушунда, олимпиадаларда, кароо-сынактарда, спортто жана коомдук иштерде чыгармачылык менен активдүү катышкан окуучуларды сыйлоо.

4. К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин кызматкерлерин жана окуучуларынын ишмердүүлүгүн жана жетишкендиктерин кароо боюнча баалоо комиссиясы түзүлөт.

5. Ардак грамота, ыраазычылык кат жана стипендия менен төмөнкү даталуу күндөрдө сыйлана алышат:

- ***Акыркы коңгуроо ( 25- май);***
- ***билим берүү кызматкерлеринин күнүнө карата (5- октябрь);***
- ***билим берүү маарекелерине карата;***
- ***жыл жыйынтыгына карата;***

**2. К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин Ардак грамотасы жана ыраазычылык каты, ЖКнын экс-депутаты Т.М.Узакбаевдин “Макиш-Ата” атындагы жеке стипендиясы, Вице-мэр Б.О.Дюшеевдин жеке стипендиясы, К.Чылабаев атындагы стипендиялар.**

6. К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде педагогикалык ишмердүүлүктө жетишкен ийгиликтери, тарбиялоо ишинде өзгөчө чыгармачылык менен эмгектенген жана ошондой эле олимпиадаларда, кароо-сынактарда, спортто, коомдук иштерге активдүү катышып, алдыңкы жетишкендиктерди көрсөткөн окуучулар жана мугалимдер сыйланышат.

Scanned by TapScanner

**3. К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин Ардак грамотасы жана ыраазычылык каты**

7. К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин Ардак грамотасы жана ыраазычылык каты менен педагогикалык кесипкөйлүгүн көрсөткөн жана эң жогорку көрсөткүчтөргө жеткен мыкты мугалимдер, "эң жакшы" деген баага окуган окуучулар сыйланышат.

**4. Сыйлоого көрсөтүү критерийлери**

**8.** Окуучусу олимпиаданын жеңүүчүсү, коомдук жана маданий-массалык иш чараларга активдүү катышса, окуусунда мыкты жетишкендиктерге ээ болушса;

9. Окуучусу жалпы республикалык тестирлөөдө жогорку балл алуусу же алтын сертификаттын ээси болушу;

10. Окуу-тарбия процессинде алдыңкы жаңы методдорду жана инновациялык педагогикалык ыкмаларды, мастер-класстарды практикада колдонуусу жана кесиптештери арасында жайылтуусу;

11.Эл аралык же республикалык долбоор, проект, гранттар менен иштеп, билим берүү мекемесинин материалдык-техникалык базасын чындоого кошсо;

**5. Сыйлоого көрсөтүү тартиби**

12. К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин Ардак грамотасы жана ыраазычылык каты, стипендия дипломдору бекитилген формага ылайык даярдалып, баалоо комиссиясынын сунушу, педагогикалык кеңештин чечиминин негизинде сыйлоого көрсөтүлөт.

Scanned by TapScanner